«Манас» эпосу жалгыз эле мамлекеттин иши же сабак берген мугалимдин милдети деп кароого болбойт, «Манас» эпосунун алдында жалпы бардыгыбыз, ар бирибиз жоопкерчиликтебиз, милдеттүүбүз. Айкөл Манасыбыз ар кимибиздин жан дүйнөбүздө жашап турганда, кыргыз тилибиз сайрап турганда, «Манас» эпосу менен кыргыз эли түбөлүктүү экенине толук ишенем.

«Жакшы тилек –жарым ырыс» дейт эмеспи элибиз, мен эпос тууралуу сөзүмдү элибизде илгертен «Манаска» байланыштуу келаткан ишеним менен жыйынтыктагым келип турат.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосун классикалык эпостун бийик үлгүсүндөгү адабий көркөм чыгарма катары эле эмес, рух дөөлөтү, улут мурасы, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы катары да окутуп үйрөтүү зарыл.

**Жыйынтыктоо**

«Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхый эс тутумунун, руханий дүйнөсүнүн жана адеп-ахлак нарк-насилинин түбөлүк булагы болуп саналат. Эпостун мазмунунда элдик таалим-тарбиянын негизги принциптери, өзгөчө чынчылдык, жоопкерчилик, айкөлдүк жана адамдык асыл сапаттар өзгөчө көркөмдүк күч менен чагылдырылган.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, «Манас» эпосу жаш муундарды тарбиялоодо маанилүү ролду ойнойт. Андагы баатырлардын образы аркылуу балдар жана жаштар чынчыл болууга, убадага бекем турууга, жалпы элдин кызыкчылыгын жеке кызыкчылыктан жогору коюуга тарбияланат. Ошондой эле эпостун мазмунунда жоопкерчиликтин, адилеттүүлүктүн жана достук мамиленин бийик үлгүлөрү көрсөтүлгөн.

Илимий булактарга жана эпостун текстине таянып, «Манас» дастаны — бул жөн гана баатырдык окуялардын жыйындысы эмес, ал улуттук нарк-насилдерди, моралдык-этикалык түшүнүктөрдү муундан-муунга өткөрүүнүн күчтүү каражаты экендиги далилденди. Демек, бүгүнкү күндө да «Манас» эпосун жаштардын адеп-ахлактык тарбиясында активдүү колдонуу — улуттук иденттүүлүктү сактоонун жана өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп саналат.

**Адабияттар**

1. **С.Каралаев** «Манас» 1-3-том [1991-жыл Бишкек. - С. 110-113.
2. **А.Муратов.** «Манас» эпосун мектептерде окутуу [Текст] Бишкек, 1997-жыл. - 120-б.
3. Айтматов Ч. Манас – кыргыз рухунун туу чокусу // Избранные произведения. – Бишкек: 1996.
4. Измайлов А.А. Манас – кыргыз элинин көркөм энциклопедиясы. – Бишкек: 2000.
5. Самаков К. "Манас" эпосу – дүйнөлүк мурас катары // Эл аралык конференция материалдары, Бишкек, 2014.
6. ЮНЕСКО. "Манас" эпосунун дүйнөлүк маданий мурастар тизмесине кириши жөнүндө чечим, 2014.

7. **Жолдошбаева, Ы.** (2013). Болочок мугалимдердин атайын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу педагогикалык шарттары. *Вестник КНУ им. Ж.Баласагына*, №4, 339–342-б.
8. **Байгазиев, С.** (2018). Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. Бишкек: Кутбилим. Кутбилим
9. **Чоротегин, Т.** (1995). Махмуд Кашгаринин «Диваны» менен «Манастагы» эпостук окуялардын мейкиндиги. *Манас эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы: Эл аралык симпозиумдун тезистери*, 27–28-август, Бишкек, 37-б.Википедия — свободная энциклопедия
10. **Манас эпосундагы билим, таалим-тарбия берүү маселелеринин чагылдырылышы**. (2023). *Кыргыз билим берүү академиясы*. https://www.kao.kg/images/stories/doc/268_029.pdf

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 1(1), сс. 10-16

eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371.3(82)

# ФОРМИРОВАНИЕ У УЧЕНИКОВ ЧЕСТНОСТИ И ОТВЕТСТВЕННОСТИ ЧЕРЕЗ НАРОДНОЕ ВОСПИТАНИЕ В ЭПОСЕ «МАНАС»

**Салимбаева Бегимай**

*магистрант, Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова, Кыргызстан*

**Аннотация**

Темой исследования в данной научной статье является эпос «Манас», в процессе преподавания привить у школьников честность и ответственность. Целью исследования является воспитание у учащихся доброту и надежность. Акцент в эпосе делается на отрывки из эпоса, которые показаны из реальной исторической жизнедеятельности кыргызского народа. Эпос – это особый эпос, в котором прекрасно изображен быт кыргызского народа. Чтобы понять общефилософский смысл, уникальность и внутренний смысл эпоса «Манас», мы приводим примеры из трилогии, объясняя его значение, сравнивая с настоящей действительностью.

**Ключевые слова:** эпос «Манас», манасоведение, ответственность, честность, воспитание, наследие, фольклор, патриотизм, художественное творчество

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 1(1), pp. 10-16

eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371.3(82)

# DEVELOPING STUDENTS' HONESTY AND RESPONSIBILITY THROUGH FOLK EDUCATION IN THE EPIC OF "MANAS"

**Begimai Salimbaeva**
*Master's Srudent, Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov, Kyrgyzstan*

## Abstract

The topic of research in this scientific article is the epic "Manas", in the process of teaching to instill in schoolchildren honesty and responsibility. The purpose of the study is to educate students in kindness and reliability. The emphasis in the epic is on excerpts from the epic, which are shown from the real historical life of the Kyrgyz people. The epic is a special epic, which perfectly depicts the life of the Kyrgyz people. To understand the general philosophical meaning, uniqueness and inner meaning of the Manas epic, we give examples from the trilogy, explaining its meaning, comparing it with real reality.

**Keywords:** Manas epic, Manas studies, responsibility, honesty, education, heritage, folklore, patriotism, artistic creativity

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 1(1), бб. 17-25

eijournal.ilimbilim.kg

евразия изилдөөлөрү ачык журналы

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# МАХМУД КАШГАРИНИН “ДИВАН ЛУГАТ АТ-ТҮРК” СӨЗДҮГҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ИЗДЕРИ

**Абдимиталип уулу Нурсултан**

*PhD, улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, nabdimitalipuulu@oshsu.kg, ORCID: 0009-0002-1689-0741*

**Аннотация**

XI кылымда жашаган улуу түрк тилчи жана ойчул Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” аттуу энциклопедиялык эмгеги түрк тили менен адабиятынын, түрк элдеринин тарыхы жана географиясы боюнча жазылган эң байыркы эмгектердин бири. Ошондой эле аталган эмгек түрк элдеринин маданияты жана этнографиясы боюнча негизги булактардын бири. “Диван Лугатат-Түрк” түрк элдеринин бай материалдык жана руханий баалуулуктары тууралуу, анын ичинде орто кылымдагы түрктөрдүн музыкалык маданияты боюнча да кызыктуу этнографиялык маалыматтарды берет. Бул эмгекте биринчи жолу ыр, куу, кошок, айтыш сыяктуу обонду билдирген түшүнүктөр айтылып, ошол мезгилдин кээ бир үйлөмө, чертме кылдуу жана урма аспаптарда ойнолгон музыкалык аткаруу жөнүндө маалыматтар берилген.

**Ачкыч сөздөр:** “Диван Лугат ат-Түрк”, айтыш, кошок, ыр, бекбекей, культурогенез

**Шилтеме үчүн:** Абдимиталип уулу Н. (2025). Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүндөгү кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын издери. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 1(1), бб. 17-25.

## Киришүү

960-жылы Карахандар мамлекетинин өкүмдары Сатук Бугра Карахан Ислам динин кабыл алып, аны мамлекеттин расмий дини кылып жарыялайт. Ислам динин кабыл алуу биринчи иретте ошол чөлкөмдө жашаган жергиликтүү түрк урууларын бириктирүүдө жакшы таасир берип, мамлекеттин күчтөнүүсүн шарттаган. Мамлекеттин экономикасы, маданияты гүлдөп өнүгүп, бир топ алдыга жылыштар болгон. Карахандар мамлекетинде маданияттын жогору экендигинин даана көрсөткөн эки аалым болгон. Алар, алгачкы жолу түрк тилинде поэма жазган Жусуп Баласагын жана энциклопедист Махмуд Кашгарини айтсак болот. Бул эки аалымдын эмгектери карахандардын жалпы түрк тилдүү элдердин маданиятына кошкон салымы болуп эсептелет. Жусуп Баласагундун “Кутадгу билик” аттуу дидактикалык эмгегин классикалык түрк тилдүү элдердин поэзиясынын башаты катары кароого негиз бар (Стеблева,

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

1976, б. 5). Ал эми XI. кылымга таандык Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгү жалпы түрк элдери үчүн лингвистикалык, фольклордук жана тарыхый-этнографиялык булак катары баалуу. Бул сөздүктөн түрк тилдүү элдерге тиешелүү каада-салт, үрп-адат, түрктөрдүн диний ишенимдери, демонологиялык түшүнүктөрүн ж.б. таба алабыз. Анын ичинде кыргыздардын фольклору жана этнографиясына байланышкан маалыматтар бар. Бирок, бул сөздүктөгү этнографиялык жана фольклордук маалыматтарды кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы, этнографиясы менен салыштырып изилдөө иштери терең изилденген эмес. Бул сөздүктү ар тараптан изилдөө эң актуалдуу маселелердин бири деп айта алабыз.

Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүнөн түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтарды кездештире алабыз. Алар, *ыр, кошуг* (кошок), *тапзук* (табышмак) деген сөздөр кездешип, өз маанисин күнүбүздө да жоготкон эмес (ДЛТ, 2005).

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жана музыкасын изилдөөдө Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгү маанилүү тарыхый булак болуп эсептелет. Бул сөздүктө кездешкен орто кылымдардагы караханилердин музыкага байланыштуу сөздөрдү бүгүнкү кыргыз тили менен салыштырып, айрым маалыматтарды тактап, толуктай алабыз (Абдимиталип уулу, Жапаралиев, 2023; Абдимиталип уулу, 2023). Байыркы караханилер доорундагы түрк элдеринин, негизи эле түрк элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар абдан аз. Элдик чыгармачылык боюнча айрым маалыматтарды “Диван Лугаттан” ала алабыз. Бул макалада “Диван Лугатта” кездешкен маалыматтарды кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы менен салыштырып, экөөнүн ортосундагы окшоштуктарды, жалпылыктарды көрсөткөнгө аракет кылабыз.

Алсак, “Диван Лугатта” *ыр (йыр)* деген сөз кездешип, мааниси лирикалык ыр дегенди билдирет (ДЛТ, 2005, б. 743). Бул сөз менен кошо *“Ол йыр (ыр) йырлады”* деген сүйлөмдү мисал келтирет. “Ал ыр ырдады” деп которулат. Ал эми *йырагу* деген сөз “ырчы” да, “музыкант” да маанисинде берилет (ДЛТ, 2005, б. 768). Салыштыруу үчүн бүгүнкү казак тилинде ырчыны *жырау* деп аташат. Бул ушул чөлкөмдө жашаган элдердин калыптануусунда жана алардын тилинин өнүгүүсүндө караханиддердин ролунун чоң экендигин көрсөтүп турат.

Ал эми  кыргыз тилинде *ыр* байыркы аталышы менен маанисин өзгөрүүсүз сактап калган (КРС, 1985б, б. 435). Ал эми йырагу сөзү кыргыз тилинде “ырчы” болуп өзгөргөн жөнү бар. Кыргыз тилинде ырчы сөзү ырды шыдыр жараткан төкмө, жамакчы, акын, аткаруучу маанисинде колдонулат. Ырчылар ар кандай той-тамашада, өлүм-житимдерде жар чакырып, бирөөлөрдүн жакшы-жаман сапаттарын мүнөздөп, деги эле элдин көңүл ачуу үчүн кызмат кылган кишилерди атаган. Эл арасында “Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол” деген сындуу макалдар ырчылык өнөрдүн маанилүү экендигинен кабар берет. Кыргыз элинин руханий байлыгынын туу чокусу болгон “Манас” эпосунда  “Жалаң үйдүн борумун, Жарым күнчө ырдаган" Жайсаң ырчы менен кырк чоронун бири, “тебетейи чоктуу кул, айтар сөзү шоктуу кул” Ырамандын Ырчыуулу деген каармандар кездешип, ырчылык милдетти аркалашкан. Ырчыуул Манастын эрдиктерин ырга салып, даңазалаган, кийин Семетейге да кызмат кылган колдон келген көмөгүн көрсөтөт. Казак окумуштуусу Ч. Валиханов өзүнүн 1856-жылы жазган “Отчет поездки на Иссык-Куль” деген макаласында Ысык-Көлгө болгон саякатында кара кыргыздардын бир ырчысы (**рчи**) менен жолуккандыгын жана ал ырчынын “Манас” дастанын айта билгендигин жазып кеткен (Валиханов, 1984, б. 327).

В.Радлов болсо кыргыздар ырчылык өнөрдү искусствонун туу чокусу катары бааларын, ошондуктан элдик оозеки чыгармачылык кыргыздарда абдан өнүккөндүгүн баса белгилейт. Алар элдик дастандар, макалдар, кошоктор, үйлөнүү тоюнда ырдалчу ырлар ж.б. болуп, эл арасында кеңири таралган жана ар дайым урматтоо менен кабыл алынгандыгын эскере кеткен (Радлов, 1885, б. 4). Ал эми кечээ жакында эле жашап өтүшкөн Жеңижок, Токтогул, Арстанбек

ж.б. ырчылардын санат, насыят, ашыктык ырлары кагазга түшүрүлүп, күнүбүзгө чейин сакталып калган. Жогорудагы маалыматтардан биз байыркы караханилер доорундагы түрк элдеринин күнүмдүк жашоосунда ырчынын ролу канчалык маанилүү болсо, кийин, тянь-шандык кыргыздардын жашоосунда да ырчыга өзгөчө сый-урмат менен мамиле кылгандыктарын көрө алабыз.

“Диван Лугатта” **кошуг** сөзү кездешип, “адамды мактоо ыры, ода” маанисин берет (ДЛТ, 2005, б. 356). Бул сөз менен кошо төрт сап ыр мисал келтирет:

“Теркен Катун кутыңа, тегүр мендин кошуг,
Айгыл сизиң тапугчы, өтнүр йенги тапуг”

башкача айтканда:

“Ханыша Хатунга “Сиздин кызматчыңыз жаңы кызматтар кылганга даяр” деп айтып кой” деп которулат.

Адам баласынын дүйнөдөн кайтуусу кайгылуу иш болуп, анын туугандарын, жакын адамдарын өкүткө салып, күйүткө батырат. Албетте, күйүтүн көз жаш менен чыгарууга, эмоционалдык оор абалды жеңилдетүүгө аракет кылуунун натыйжасында өлгөн адамды ый менен узатуу адаты пайда болгон. Бир гана ый менен чектелбестен каза болгон адамдын жакындары анын жашоосундагы жаркын элестерди, жакшы сапаттарын эскерүүгө, аны мактап-жактап, “арбагын көтөрүүгө” аракет кылышат. Натыйжада, каза болгон адамдын мүрзөсүндө аны мактаган, даңктаган эскерүүлөрдү жазуу салты келип чыккан. Бул дүйнөдөгү көп элдерге тараган. Анын айкын өрнөгү болуп байыркы египет пирамидаларында фараондорго арналып жазылган жазуулар, байыркы Ирандагы Бехистун аска бетиндеги жазуулар, түрк кагандарына арналып жазылган орхон-енисей жазма эстеликтери ж.б. эсептелет. Ал эми жазуусу жок элдер бул боштукту оозеки чыгармачылык менен толуктоого аракет кылган. Алардын ичинде кыргыздарда бул өнөр бизге кошоктор түрүндө жетип келип, күнүбүзгө чейин жашоосун улантып келүүдө.

Ал эми кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында кошок жанрынын өнүккөндүгүн бул жанрдын күнүбүзгө чейин жашап келүүсү менен гана чектелбестен, дагы деле колдонулуп, улантылып жаткандыгынан биле алабыз. Кошок жанры эпостордо кеңири кездешүү менен чектелбестен, өзүнчө жанрга айланып кеткен. Кошокту негизинен аялдар кошкон. Атайын кошокчу аялдар болуп, алардын арасында бул өнөрдү экинчи кесип кылып, профессионалдык деңгээлде айта билгендер болгон. Алсак, төкмө акын, комузчу Токтогул Сатылгановдун энеси эл ичинде кошокчу катары таанымал аял болгон (Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2002, б. 340). “Манас” эпосунда баатырлар өлгөндө жесирине тул салдырып, алтымыш аял кошокчу кошуп берип, аза күткөнү айтылат. Мисалы, Манас өлгөндө “Алтымыш катын кошокчу, Тул түбүндө Акылай, Баягы, кайран жеңең Каныкей, Боздоп турду буркурап, Кошуп эле турду чыркырап” деген саптар кездешет (Манас энциклопедиясы, 1995, б. 524). Кыргыз элинде кошоктун бир нече түрү болгон. Алсак, жоктоо, аза, арман, угузуу, кыз узатууда кошулчу кошок деген сыяктуу түрлөрү кезигет. Тарыхый кошоктордон “Ормондун кызынын кошогу”, “Курманжан датканын Алымбек датканы жоктогону”, “Балбайдын уулу Байгашка кошкон кошогу”, “Токтогул Жеңижок ырчыны жоктогону” ж.б. кошоктор белгилүү (Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар, 2002). Бул кошоктордун дээрлик баарында каза болгон адамдын жашоосунда кылган эрдиктерин, жакшы иштерин, мүнөзүнүн жакшы жактарын эскерүү менен коштолгон. Кыргыздарда оозеки кошоктордон башка кошок күүлөр кездешет. Аларга, “Сынган бугу”, “Төгөчү”, “Ак кочкор, Каңкы”, “Күлойрон”, “Керимбай кулунум”, “Көкөй кести” ж.б. күүлөрдү айтсак болот. Бул кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кеңири кездешкен кошок жанрынын ар тараптуулугунан кабар берет. Күнүбүздө кошок жанрыны мыкты өрнөктөрү катары төкмө акын Ысмайыл Борончиевдин Алымкул Үсөнбаевди жоктогон “Кош

Алымкул” кошогу, ал эми азыркы акындардан Элмирбек Иманалиевдин Чыңгыз Айтматов көз жумганда кошок кошуп ырдаган “Чыңгыз өлбөс болсочу” аттуу кошокторду классикалык кошоктордун катарын орун таба алды.

Кошок кошуу, каза болгон инсандын эрдиктерин даңазалоо, аны эскерүү, ага сый-урмат кылуу менен мамиле жасоонун элементтерин биз орхон-енисей рун жазууларынан көрө алабыз. Култегин, Билге-каганга, Барсбекке арналып жазылган жазма эстеликтер кошоктун түрү катары кабыл алсак болот (Малов, 1951, б. 12). Ал эми С.Г. Кляшторныйдын ою боюнча байыркы түрк жазуулары жанрдык өзгөчөлүгү боюнча алтыга бөлүнөөрүн көрсөтөт. Анын ичинен кошок жанрына жакын деп **тарыхый-биографиялык** жазма эстеликтер же башкача айтсак, түрк, уйгур, кыргыз элитасынын өмүр баяны, алардын ишмердүүлүктөрү жазылган жазуулар эсептелет. Аларга, Кошо-Цайдам, Тоньюкук, Кули-Чур, Карабалгасун, Суджи ж.б. жазма эстеликтери кирет. Экинчи түрү С.Малов тарабынан **мазар поэзиясы** деп мүнөздөлгөн Енисей жана Жети-Суу байыркы түрк жазма эстеликтерин айта алабыз (Кляшторный, 1964, б. 53-54). Биз бул жерден байыркы кошок кошуу салтынын бери дегенде байыркы түрк доорунан башталып, караханилер доорунда андан ары улантылып, күнүбүздө да жашап жаткандыгын көрө алдык. Кошок деген аталыштын өзү, анын элементтери бүгүнкү күнгө чейин эч өзгөрүүсүз кыргыздарда жашап жатышы кыргыздардын караханилердин түздөн урпактары жана алардын маданиятын улантуучу эл экендигин далилдеп турат.

Орто кылымдагы караханилер доорунун аалымы болгон Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Турк” сөздүгүндө **айтыш** сөзү кездешип, мааниси “эки кишинин бири-биринин ал-акыбалын сурашуусу” дегенди билдирген (ДЛТ, 2005, б. 141). Айтыш өнөрү кыргыз менен казак элинде сөз менен суроо-жооп түрүндө болуусу менен айырмаланса, анатолиялык түрктөрдө *ашыклар атышмасы (atışma)* деген ат менен белгилүү (Derleme Sözlüğü I. A, 1993, б. 369). Айтыш - ырчылардын, чечендердин өз чыгармачылык кудуретин, чеберчилигин сыноо үчүн өз ара мелдеши; кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында өнүккөн жанр. Ал адат-салт айтыштары жана акындар айтыштары болуп эки чоң топко бөлүнөт. Ал экөө өз кезегинде мазмун жана форма жагынан бири биринен айырмаланган түрлөрдөн турат. Адат-салт айтышына: бадик, кайым, сармерден, кыз-жигит айтышы ж.б. Акындар айтышынана: алымсабак, табышмак, кордоо, учурашуу ж.б. кирет. Бирок бул түрлөр так жиктелбейт, кээде биринин белгилери экинчисинде да кездеше берет. Тарыхта чечендердин айтыштары да болгондугу белгилүү. Келип чыгышы жана өнүгүшү жагынан айтыш жанры байыркы үрп-адат, ырым-жырымдарга байланышып, элдик турмушту кенен чагылдырган деңгээлге чейин жеткен. Айтыш өнөрү казак-кыргызда аябай жогору бааланып, бул эки элдин акындарынын айтыштары аябагандай принципиалдуулугу менен айырмаланып, көпчүлүк аш-тойлордо акындарсыз мааракe өтчү эмес.

“Диванда” мындан башка *каргыш* деген сөз кездешип, азыркы кыргыз тилиндеги маанини билдирет (ДЛТ, 2005, б. 429). Кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгында да каргыш жанры көп учурайт. Эпостордо айрым учурларда каргыш маанилүү роль ойнойт. Мисалы, Манастын уулу Семетейдин кайып болуусунун (курман болуусунун) негизги себеби болуп Көкчөнүн аялы Агеркечтин каргышы деп эсептелинсе, экинчиси Айчүрөктүн каргышына калгандыгы да себеп болот. Каргыш жанры чоң эпостордон сырткары кенже эпостордо, дастандарда жана уламыштарда көп кездешет. “Кожожаш”, “Карагул ботом” дастандарында табиятка зыян келтирип, кайберендерди түгөл кырып салган мергендерди кайберендердин пири Сурэчкинин каргышынан ажал тапканы, Курманбек баатыр атасы Тейитбектин каргышына калып, жоо колунан мерт болушу кыргыздардын каргышка өтө терең маани бергендигин көрсөтүп турат. Жогоруда көрсөтүлгөн мисалдар кыргыз фольклорунда каргыштын белгилүү бир деңгээлде маанилүү роль ойногондугунан кабар берет (Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2004 б. 304-315). Кыргыздардын каргышка өзгөчө маани

беришкендигин элдик санжыралар да көрсөтүп турат. Алсак, кыргыздардагы бугу уруусунун колдоочусу деп эсептелинген Мүйүздүү-эне жөнүндөгү уламыштарда Бугу-эненин Ысык-Көлдөгү арык уругунун көп сандуу болуп калышы, ала эми карамырза, асанмырза уруктарынын аз сандуу болуп калышы аларга мүйүздүү эненин каргышы тийгендиги менен байланыштырышат. Бул кыргыздарда каргышка маани берип, каргыштын бир эле адамдын тагдырын эмес, бүтүндөй уруктун тагдырын өзгөртө алат деген ишенимин көрсөтүп турат (Кыргыздар, 1993, б. 515).

Ар бир элдин оозеки чыгармачылыгында эмгек ырлары кездешет. Эмгек ырлары элдик оозеки чыгармачылыктын эң байыркы түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Оозеки чыгармачылыктын бул түрү адам баласынын пайда болушу жана таптарга бөлүнүү доорунан мурда пайда болгон деп эсептелет. Эмгек ырлары таптарга бөлүнө электен мурун жалпы коомчулук аткарган жумуштарда ырдалып, ырдын ритми жумуштун ритмине жараша болуп, жумушчуларга дем берип, алардын жумушун жеңилдетүүгө аракет кылат. Бул ырлардын тексттери абдан жөнөкөй болуп, императивдүү мүнөздө болот. Буйрук-милдет сыяктуу саптар “эй”, “айт”, “уйт” сындуу катуу кыйкырыктар менен коштолуп турган. Кыргыздарда мал чарбачылыгы менен кошо дыйканчылыктын кандайдыр деңгээлде өнүккөндүгү маалым. Кыргыздарда эгин бастырууда ырдалуучу элдик ыр “Оп, майда” деп аталат. Эгин бастырууда колдонулуучу төрт түлүк малдын ичинен жылкы жана уй колдонулган. Ал эми “Диван Лугатта” *оп* деген сөз кездешип, “эгин бастыруу үчүн кошулган өгүз” деген маанини билдирет (ДЛТ, 2005, б. 73). Бул сөзгө алгач түрколог А.М.Щербак көңүл бурган. Дыйканчылыкка байланыштуу эмгек ырлары өзбек жана тажиктерде кездешээрин эскерте кетүү ашыктык кылбас (Абрамзон, 1990, б. 356).

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө биздин көңүлүбүздү бурган дагы бир сөз кездешет. Ал сөз *сак сак* деп аталып, мааниси “чеп же жылкы кайтарууда “Сак бол!” дегенди билдирген кыйкырык” (ДЛТ, 2005, б. 324). Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында “Бекбекей” деген эмгек ыры кездешет. Бекбекей – байыркы салттык эмгек ырларынын түрүнө кирип, короо кайтарууда колдонулган. Анын пайда болуусу көчмөн мал чарбачылык жашоо образынын шарттарынын натыйжасы дей алабыз. Бул байыркы эмгек ыры жөнүндө алгачкы маалымат берген Г. Загряжский кечинде короо кайтарган кыздар таң аткыча карышкырларды койлорго келтиртпөө үчүн ырларды ырдап, кыйкырып чыгышаарын өз кулагы менен уккандыгын жазат (Лунин, 1973, б. 192).

“Бекбекей” ырында мындай саптар кездешет:

“Ала байтал Бекбекей,
Айкалышкан Саксакай.
Бекбекей качты, бел ашты,
Саксакай кууп адашты.
Бекбекей ашты бел ашты,
Саксакай ашты сак ашты.
Саксакай айткан муңайым,
Сак кайтарчы, кудайым.
Бекбекей айткан муңайым,
Бек кайтарчы, кудайым.
Койдун сүтү коргошун,
Кой уурдаган оңбосун” (Кыргыз поэзиясынын антологиясы, 1999, б. 38-40).

Бул ыр саптардан биз орто кылымдардагы караханилер доорундагы жергиликтүү түрк тилдүү уруулардын кароолдо, мал кайтарууда ууру-бөрүдөн сактануу үчүн колдонгон

методдору кийин кыргыздарда да колдонулуп, анын салттык эмгек ырларынын деңгээлине чейин көтөрүлө алгандыгын көрө алабыз. Баса белгилей кетүүчү нерсе кыргыз элине жакын деп эсептелинген казак элинде “Бекбекей” сындуу эмгек ырлары кездешпейт. Ал эми енисей кыргыздарынын урпактарынын бири болуп эсептелген хакастарда, кыргыз тилине эң жакын тил болуп эсептелген алтайлыктардын элдик оозеки чыгармачылыгында да “Бекбекей” сындуу эмгек ыры кездешпейт. Бул көрүнүш казак, хакас, алтайлыктардын фольклорун алгачкылардан болуп изилдешкен В.Радлов жана В.И.Вербицкийдин эмгектеринен кездештире албайбыз (Радлов, 1866; Вербицкий, 1893). Балким келечекте жогоруда аты эскерилип өткөн элдердин жана башка түрк тилдүү элдердин фольклорун терең изилдөө аркылуу бул эмгек ырын таба алышыбыз мүмкүн. Бирок, азыркы колдо бар маалыматтарга таянып бул ырдын орто кылымдарда караханиддерде жана азыркы тянь-шандык кыргыздарда гана кездешээрин айта алабыз. Хакас жана алтайлыктарда “Бекбекей” же ага окшош эмгек ырынын кездешпөөсү бул салттын азыркы жашап аткан жерибиздеги байыртадан жашап келген сак-усун, түрк, түргөш, карлук жана карахандардын салты болгондугунан кабар берип турат. Ал уруулар кийин тянь-шандык кыргыздардын эл калыптануусунда маанилүү роль ойногондугун дагы бир далили. Бул маселе келечекте башка булактар менен толукталып, түрк тилдүү элдердин фольклорун мындан да терең изилдеп, аны жазма булактарып менен салыштыруу аркылуу кыргыз элинин орто кылымдагы түрк тилдүү элдер менен жана бүгүнкү түрк элдери менен болгон маданий байланыштарын тактай алабыз.

## Колдонулган адабияттар


1. Абдимиталип уулу, Н., & Жапаралиев Ш. “Диван Лугат ат-Түрктө” кездешкен музыкалык терминдер”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология,* 2023, (1(1), 1–11. https://doi.org/10.52754/16948874_2023_1(1)_1
2. Абдимиталип уулу, Н. “Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүндөгү айрым фольклордук элементтер тууралуу”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы,* 2023, (2), 101–106. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_12
3. Абрамзон С.М. *Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи* – Фрунзе, 1990.
4. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том 1. – Алма-Ата, 1984.
5. Вербицкий В.И. *Алтайские инородцы. Сборник этнографических статей и исследований* – Москва, 1893.
6. Кляшторный С.Г Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – Москва, 1964.
7. *Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт*. Түзүүчү: Жусупов К. Бишкек: Мурас, 1993.
8. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары. V том. – Бишкек, 2002.
9. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. – Бишкек, 2004.
10. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. Бишкек, 1999.
11. Лунин Б.В. *Русские путешественники и исследователи о киргизах* – Фрунзе, 1973.
12. Малов С.Е. *Памятники древнетюркской письменности. Тексты и исследования.* М.-Л: Наука, 1951.
13. Манас энциклопедия, 1-т. Аалам – Манастын музыкасы. Бишкек, 1995.
14. Махмуд аль-Кашгари. Диван Лугат ат-Турк. Алматы: Дайк-Пресс, 2005.
15. Радлов В. Образцы народной литературы северных тюркских племен собраны В.В.Радловым. Часть V. Наречие дикокаменных киргизов. – Санктпетербург, 1885.

16. Стеблева И.В. *Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период*. Москва, 1976.
17. Derleme Sözlüğü. A. 2. baskı. Ankara, 1993.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 1(1), сс. 17-25

eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# СЛЕДЫ УСТНОГО ТВОРЧЕСТВА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА В СЛОВАРЕ МАХМУДА КАШГАРИ “ДИВАН ЛУГАТ АТ-ТЮРК”

**Абдимиталип уулу Нурсултан**
*PhD, старший преподаватель, Ошский государственный университет, Кыргызстан, nabdimitalipuulu@oshsu.kg,*
*ORCID: 0009-0002-1689-0741*

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются современные технологии управления учебным процессом в дошкольных образовательных учреждениях. Отмечается необходимость применения инновационных подходов для эффективной организации и управления образовательной деятельностью. Особое внимание уделяется вопросам повышения качества образования, создания условий для всестороннего развития детей, а также сотрудничеству воспитателей и родителей. Подчеркивается значимость выбора управленческих технологий с учетом психологических и физиологических особенностей детей дошкольного возраста. Также акцент сделан на использование цифровых инструментов и интерактивных методов для повышения эффективности управления. В статье рассмотрены примеры из практики и представлены рекомендации. В результате исследования предлагаются пути оптимизации управления в системе дошкольного образования.

**Ключевые слова:** «Диван Лугат ат-Тюрк», речь, плач, песня, бекбекей, культурогенез

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 1(1), pp. 17-25

eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# TRACES OF KYRGYZ ORAL CREATIVITY IN MAHMUD AL-KASHGARI'S DICTIONARY "DIVAN LUGHAT AT-TURK"

**Abdimitalip uulu Nursultan**
*PhD, Senior Lecturer, Osh State University, Kyrgyzstan, nabdimitalipuulu@oshsu.kg, ORCID: 0009-0002-1689-0741*

## Abstract

The encyclopedic work "Divan Lugat at-Turk" by the great Turkic linguist and thinker Mahmud Kashgari, who lived in the 11th century, is one of the oldest works on the Turkish language and literature, the history and geography of the Turkic peoples. It is also one of the main sources on the culture and ethnography of the Turkic peoples. "Divan Lugat at-Turk" provides interesting ethnographic information about the rich material and spiritual values of the Turkic peoples, including the musical culture of the medieval Turks. This work first introduces the concepts of melody such as song, melody, hymn, and speech, and provides information about the musical performances played on some wind, string, and percussion instruments of that period.

**Keywords:** "Divan Lugat at-Turk", speech, lament, song, becbekey, cultural genesis

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 1(1), бб. 26-32

eijournal.ilimbilim.kg

евразия изилдөөлөрү ачык журналы

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 336.648 (575.2)

# ИШКАНАНЫН КАРЖЫЛЫК РЕСУРСТАРЫН ПЛАНДОО КАРАЖАТТАРЫ

**Имаралиев Омурбек Рахманалиевич**
*э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, oimaraliev@oshsu.kg, ORCID: 0000-0002-1172-7307*
**Аширов Нурлан Салайдинович**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, nurlan.sldv85@mail.ru*
**Хашимова Гулзада Абдумуталиповна**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, gulzadahasimova@gmail.com*

**Аннотация**

Бул макалада ишканалар үчүн каржылык ресурстарды пландоонун ыкмалара жана каражаттары анализделинин каралды. Макаланын негизин ишканалара үчүн каржылык ресурстары жана аларды пландоо каражаттарына болгон анализдер түзөт. Каржылык пландаштыруунун жана болжолдоонун колдонулуп жаткан ыкмаларынын бири дагы пландаштыруунун так натыйжасын бере албайт. Компаниянын менеджерлеринин ар кандай пландаштыруу ыкмаларынын, тажрыйбасынын жана интуициясынын айкалышы гана ишенимдүү каржылык планды иштеп чыгууга жана узак мөөнөттүү келечекте компаниянын гүлдөп өсүшүнө жетишүүгө мүмкүндүк берет. Мамлекетибиздин учурдагы экономикалык абалына карата келечекке пландарды иштеп чыгуу үчүн, ишкананын башкаруучулары тарабынан ишкананын каржылык абалына, ошондой эле азыркы шарттарды ишкананын ишмердүүлүнүн багыттарына анализ жасоо, баа берүү жана аны пландаштыруу зарыл. Изилдөөнүн натыйжасында каржылык ресуртарды пландаштыруу жана колдонуу каражаттары боюнча эффективдүүлүктү жогорулатуучу мүмкүнчүлүктөр сунушталган.

**Ачкыч сөздөр:** каржы, каржылык ресурстар, пландоо, болжолдоо, ишкана, кайра иштетүү

**Шилтеме үчүн:** Имаралиев О.Р., Аширов Н.С., Хашимова Г.А. (2025). Ишкананын каржылык ресурстарын пландоо каражаттары. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 1(1), бб. 26-32.

**Киришүү**

Учурда, заманбап каржылык-экономикалык абалды эске алуу менен, ишканалардын ишмердүүлүгүн жана алардын ишинин натыйжалуулугунун жогорулатуусу рыноктун катышуучуларынын кеңири чөйрөсүнүн көңүлүн бурууда. Мамлекетибиздин учурдагы экономикалык абалына карата келечекке пландарды иштеп чыгуу үчүн, ишкананын башкаруучулары тарабынан ишкананын каржылык абалына, ошондой эле азыркы шарттарды ишкананын ишмердүүлүнүн багыттарына анализ жасоо, баа берүү жана аны пландаштыруу зарыл.

Каржылык абалдын деңгээли ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, анын экономикалык потенциалы, ишкердик активдүүлүгү, ж.б.у.с. ошол эле чарба субъектисинин

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

каржылык-чарбалык ишмердүүлүгүндөгү бардык катышуучулардын экономикалык кызыкчылыктарын натыйжалуу иш жүзүнө ашыруу менен аныкталат.

Ошондой эле, ишкананын учурдагы каржылык абалына баа берүү жана талдоо жүргүзүү менен ишканадагы каржылык-экономикалык жана башкаруу кызматтары ишкананын келечектеги өнүгүүсүн болжолдоо жана анын абалын жакшыртуу маселелери боюнча толугу менен мүмкүнчүлүктөрү бар деп эсептейбиз.

Ишканаларда каржылык пландаштыруу – бул чарба жүргүзүүчү субъекттин узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү келечекте натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында каржылык ресурстарды калыптандырууга жана бөлүштүрүүгө багытталган уюмду башкаруунун башкаруучулук ишинин бир түрү. Ишканаларда каржылык пландаштыруунун төмөнкүдөй милдеттерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) рентабелдүүлүктүн жогорку деңгээлине жетүү үчүн ишкананын каржылык ресурстарын натыйжалуу пайдалануу;

2) коомдун учурдагы жана инвестициялык ишин каржылоонун зарылдыгын аныктоо;

3) ликвиддүүлүктүн жана төлөөгө жөндөмдүүлүктүн оптималдуу деңгээлин колдоо максатында келип түшкөн жана чыга турган акча агымдарын координациялоо;

4) кабыл алынган чечимдердин экономикалык натыйжалуулугун эсептөө жана тобокелдиктерди талдоо.

**Аналитикалык бөлүк.**

Ишкананын каржылык пландоосу белгилүү бир ыкмаларга жана усулдарга негизделет жана колдонулган ыкмалардын тизмеси тынымсыз кеңейүүдө. Каржылык пландаштыруу практикасына ишкананын ички пландоосунда колдонулган методдор да, башка экономикалык илимдердин методдору да кирет [6].

Көпчүлүк окумуштуулар каржылык пландаштыруунун төмөнкүдөй ыкмаларын бөлүп көрсөтүшөт: экономикалык анализ ыкмасы, нормативдик метод, баланстык метод (баланстык эсептөө методу), коэффициенттик метод, акча агымын дисконттоо ыкмасы, көп варианттуу (сценарийлер) ыкмасы, экономикалык-математикалык моделдөө [1, б. 20].

*Экономикалык анализ* четтөөлөрдү аныктоо, аларды талдоо жана терс четтөөлөрдү калыбына келтирүү боюнча башкаруунун оңдоо чараларын уюштуруу максатында отчеттук жана пландык маалыматтарды салыштырууга негизделген. Мындан тышкары, экономикалык анализ негизги тенденцияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө жана ишкананын ички резервдерин аныктоого мүмкүндүк берет. Башкарууда бул ыкманы колдонуу мүмкүн, эгерде ишканада бухгалтердик (салыктык) эсепке алуудан айырмаланып, актуалдуу маалыматты алууга мүмкүндүк берүүчү башкаруу эсеби болсо. Экономикалык анализ чоң көлөмдөгү баштапкы маалыматтарды иштеп чыгууну камтыйт, ошондуктан компаниялар ишкананын каржылык абалын комплекстүү баалоо үчүн иштелип чыккан заманбап программалык пакеттерди колдонушат.

Каржылык пландаштыруунун *ченемдик ыкмасы* эки аспектиде каралат: тышкы жана ички. Тышкы чөйрө чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн белгилүү ченемдерди жана стандарттарды белгилейт. Алар мыйзам тарабынан бекитилген стандарттар (салык ставкалары, амортизациялык чегерүүлөрдүн ченемдери, резервдик фондго чегерүүлөрдүн ченемдери ж.б.) болуп каалат. Андан сырткары, ишкана белгилүү бир тармактык стандарттарга ылайык келүүгө тийиш (өнөр жай стандарттарына ылайык, компаниянын төлөө жөндөмдүүлүгү жана кредиттик жөндөмдүүлүгү, банк тарабынан бааланган учурда өзгөчө актуалдуу болот). Ошол эле учурда ишканалар ички стандарттарды да иштеп чыгышат.

Продукцияны үзгүлтүксүз өндүрүүнү жана сатууну камсыз кылуу максатында сырьелор жана материалдар, акырына чыгарылбай калган өндүрүш жана даяр продукция боюнча нормалар жана ченемдер каралат. Нормативдик ыкманы колдонуу менен жүгүртүү каражаттарына болгон муктаждыкты аныктоо, бир жагынан өндүрүштө токтоп калууларды болтурбоого мүмкүндүк берсе, экинчи жагынан, кампалардагы минималдуу баланстарды сактоого жардам берет, бул ишкананын каржылык ресурстарынын бир бөлүгүн бошотот. Ишкананын чыгашаларынын ар бир бөлүгү стандартташтырылууга тийиш, ал эми отчеттук жылдын аягында алынган таза пайда кабыл алынган нормативдер боюнча керектее фондуларынын, топтоолордун жана резервдик фонддордун ортосунда бөлүштүрүлөт.

*Баланс ыкмасы* ишкананын керектөөлөрү менен колдо болгон жана тартылган каржылык ресурстардын ортосундагы балансты аныктоого негизделген. Ишкана бир жагынан ресурстарды пайдалануунун негизги багыттарын жана көлөмдөрүн, экинчи жагынан зарыл ресурстарды алуунун көлөмүн жана булактарын көрсөткөн балансты түзөт. Баланс ыкмасы бизнес-пландоодо болжолдуу балансты түзүүдө колдонулат, мындан тышкары баланстык методдун негиздери кирешелердин жана төлөмдөрдүн планын, кирешелер менен чыгашалардын планын, төлөм календарын түзүүдө колдонулат.

Базалык маанилерди коорективровкалоо үчүн *коэффициент ыкмасы* колдонулат. Ошентип, жүгүртүү каражаттарына болгон муктаждыкты эсептеп (мисалы, ченемдик ыкманы колдонуу менен) ишкана баарын жаңыдан корректировкалап отурбастан, аны туунду коэффициенттин жардамы менен тууралай алат. Мындан, бул ыкма жүгүртүү каражаттарына болгон муктаждыктын реалдуу эсеби болгондо гана колдонулаары келип чыгат.

Инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун баалоо үчүн *акча агымынын дисконттоо ыкмасы* колдонулат. Бул ыкма келечектеги акча агымдарын аларды дисконттоо аркылуу азыркы учурга алып келүүгө негизделген. Акча каражаттарынын агымын дисконттоо эсептик ченди колдонууга, анын мааниси субъективдүү баалоого (долбоордун тобокелдиктерин баалоого) негизделген: долбоор канчалык тобокелдүү болсо, эсептик чен ошончолук жогору болот. Эсептик чен катары капиталдын орточо салмактанып алынган наркы, кредит боюнча пайыздык чен ж.б. колдонулушу мүмкүн.

*Көп варианттуулук (сценарийлер) методу* контролдук көрсөткүчтү тандоодон, анын ыктымалдуу маанисин эсептөөдөн (эң ыктымалдуу сценарийге туура келген) жана анын орточо мааниден четтөөлөрүн баалоодон (б.а. пессимисттик жана оптимисттик сценарийлерди иштеп чыгуудан) турат. Контролдук индикатор болуп капиталдын орточо салмактанып алынган наркы (WACC), таза учурдагы нарк (NPV), өздүк капиталдын кирешелүүлүгү (ROE), активдердин кирешелүүлүгү (ROA) ж.б. болушу мүмкүн. Четтөөлөрдү талдоонун негизинде сезгичтик көрсөткүчү эсептелинет (көрсөткүчтүн өзгөрүү ийкемдүүлүгү аныкталат). Бул ыкма пландаштырылган чечимдерди оптималдаштыруу ыкмасы деп да аталат [5].

Белгилүү экономист-окумуштууларыбыз да прогноздоо ыкмасын баса белгилейт. Биздин оюбузча, болжолдоо – бул пландаштырууга чейин же ага параллелдүү болгон процесс. Кээ бир илимпоздор "болжолдоо" түшүнүгүн кеңири карашат, б.а. пландоо - болжолдоонун ажырагыс бөлүгү. Болжолдоо төмөндө сүрөттөлгөн өзүнүн ыкмаларына ээ.

Каржылык пландоодо саналып өткөндөрдөн тышкары башка ыкмалар да колдонулат: *календардык пландоо ыкмасы*, *имитациялык моделдөө ыкмасы* [2, б. 79].

*Календардык пландоо ыкмасы* инвестициялык долбоордун бизнес-планын түзүүдө колдонулат жана пландаштырылган иштердин ырааттуулугун, иштин башталышы жана аяктоо убактысын чагылдырат. Долбоорду ишке ашыруунун календардык пландоосу Гант

диаграммасында көрсөтүлөт, бул иштин түрү жана ишке ашыруу убактысы боюнча графикалык көрүнүшү. Календардык пландоо ыкмаларына PERT ыкмасы жана критикалык жол ыкмасы да кирет [7].

*Имитациялык моделдөө ыкмасы* татаал маселелерди жана ишканалардын көйгөйлөрүн эксперименталдык анализ аркылуу чече ала турган компьютердик моделди жазууга негизделген.

Каржылык пландаштырууда *тармактык*, *фактордук* жана *программалык-максаттуу ыкмалары* да колдонулат [3; 7].

"Пландоо" жана "болжолдоо" түшүнүктөрү түпкү мааниси боюнча көп окшоштуктарга ээ болгондугуна карабастан алар бир нерсе эмес. Алардын ортосунда көптөгөн айырмачылыктар бар. Болжолдоо минималдуу конкреттүүлүк жана аныктык менен мүнөздөлүп, стратегиялык пландаштырууга жакыныраак болот. Болжолдоону түзүүнүн негизин негизинен субъективдүү баалоо түзөт: *алдын ала сезүү, интуиция, божомолдоо*.

Изилдөөчүлөр болжолдоо ыкмаларын *субъективдүү*, *объективдүү*, *эвристикалык* жана *аналитикалык* деп бөлүшөт. Каржылык көрсөткүчтөрдү болжолдоонун төмөнкүдөй ыкмаларын да бөлүп көрсөтүүгө болот: *эксперттик баалоо ыкмасы*, *тенденцияларды экстраполяциялоо ыкмасы*, *детерминисттик мамилелерди болжолдоо ыкмасы* жана про*порционалдык көз карандылык ыкмасы*.

*Эксперттик баа берүү ыкмасы* белгилүү бир процесстин келечектеги абалы жөнүндө эксперттердин субъективдүү пикирлерин жалпылоону камтыйт. Эксперттик баа берүүнүн ыкмаларына: сценарийлер, «интервью» ыкмасы, аналитикалык отчеттор, «комиссия» ыкмасы, «мээ чабуулу» ыкмасы, Delphi ыкмасы кирет. Эксперттик баа берүү ыкмасы болжолдоонун субъективдүү ыкмаларына тиешелүү.

Ал эми *тренддерди экстраполяциялоо ыкмасы* статистикалык маалыматтардын негизинде тенденцияларды аныктоодо жана белгиленген (аныкталган) тенденцияларды пландаштырылган көрсөткүчтөр боюнча үстөмдөөдө туюнтулат. Бул ыкманы кыска мөөнөттө гана колдонууга болот, анткени ал чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердүүлүгүнө таасир этүүчү экологиялык факторлордун толук түрлөрүн эске албайт. Бул жерде кыймылдуу орточо ыкмасын жана экспоненциалдык текшилөө ыкмасын белгилөө зарыл. Экстраполяция ыкмасы эмпирикалык маалыматтарга негизделген, бул ыкма эвристикалык болжолдоо ыкмаларына тиешелүү [4, б. 224].

*Детерминисттик мамилелерди болжолдоо ыкмасы* пайда болгон фактордун башка фактордук мүнөздөмөлөр менен байланышын орнотуудан турат [4, б. 310].

*Пропорционалдык көз карандылык ыкмасы* – бул сатуунун пайызы. Бул ыкманын маңызы пландалган баланстын жана киреше жана чыгаша планынын ар бир элементи сатуунун белгиленген суммасынан пайыз катары эсептелинет.

**Жыйынтык.**

Бүгүнкү күндө каржылык пландаштыруунун жана болжолдоонун колдонулуп жаткан ыкмаларынын бири дагы пландаштыруунун так натыйжасын бере албайт. Ишкананын менеджерлеринин ар кандай пландаштыруу ыкмаларынын, тажрыйбасынын жана интуициясынын айкалышы гана ишенимдүү каржылык планды иштеп чыгууга жана узак мөөнөттүү келечекте компаниянын гүлдөп өсүшүнө жетишүүгө мүмкүндүк берет.

Мына ошентип, жогорудагы белгиленгендердин бардыгы ишканадагы туура уюштурулган каржылык ишмердүүлүккө такалат. Жыйынтыктап айтканда, жогорку деңгээлде уюшутурулган каржы ишмердүүлүк – бул иштин толук кандуу багыты бар ишмердүүлүк жана

ушул себептен ал конкреттүү, каржылык иштин негизги максатын б.а., ишкананын үзгүлтүксүз иштеши үчүн каржылык ресурстар менен токтоосуз камсыз кылуусун, оптималдуу инвестициялык саясатты иштеп чыгуусун, карыздарды өз убагында кайтарылышын жана каржылык туруктуулукту камсыз кылуучу, каржылык пландоодо жана талдоодо тиешелүү каржы каражаттарын колдонуучу ишмердүүлүк.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Лихачева О. Н. Финансовое планирование на предприятии: учеб.-практ. пособие. М.: ТК Велби; Проспект, 2003. 264 с.

2. Симоненко Н. В., Веселов И. С. Теоретико-методологическая классификация методов финансового прогнозирования и планирования // Аудит и финансовый анализ. 2013. № 4. С. 382–385.

3. Стрекалова Н. Д. Бизнес-планирование: учеб. пособие. СПб.: Питер, 2013. 352 с.

4. Бабич Т. Н., Козьева И. А., Вертакова Ю. В., Кузьбожев Э. Н. Прогнозирование и планирование в условиях рынка: учеб. пособие. М.: ИНФРА-М, 2012. 336 с.

5. Имаралиев, О. Р. Санариптик экономика шарттарында ишкананын каржы ресурстарын башкаруу / О. Р. Имаралиев, А. А. Бексултанов // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 4. – P. 107-116. – DOI 10.52754/16948610_2023_4_12. – EDN LDVYRE.

6. Имаралиев, О. Р. Кайра иштетүү ишканаларынын каржылык-экономикалык жана материалдык-техникалык ресурстарынын колдонулуусу / О. Р. Имаралиев // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2024. – No. 57. – P. 5-11. – DOI 10.69722/1694-8211-2024-57-5-11. – EDN DEZTVQ.

7. Имаралиев Ө.Р. Долбоорлорду башкаруу: теория жана практика. Окуу куралы / Ө.Р. Имаралиев, Ф. Абжапар кызы. - Бишкек, 2023. - 164 б.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 1(1), сс. 26-32

eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 336.648 (575.2)

# СРЕДСТВА ПЛАНИРОВАНИЯ ФИНАНСОВЫХ РЕСУРСОВ ПРЕДПРИЯТИЯ

**Имаралиев Омурбек Рахманалиевич**
*к.э.н., доцент, Ошский государственный университет, Кыргызстан, oimaraliev@oshsu.kg, ORCID: 0000-0002-1172-7307*
**Аширов Нурлан Салайдинович**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, nurlan.sldv85@mail.ru*
**Хашимова Гульзада Абдумуталиповна**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, gulzadahasimova@gmail.com*

**Аннотация**

В данной статье анализируются методы и средства планирования финансовых ресурсов предприятий. В основе статьи лежит анализ финансовых ресурсов предприятий и средств их планирования. Ни один из используемых в настоящее время методов финансового планирования и прогнозирования не может дать точного результата планирования. Только сочетание различных методов планирования, опыта и интуиции менеджеров предприятий позволяет разработать надежный финансовый план и добиться процветания предприятия в долгосрочной перспективе. Для разработки перспективных планов с учетом текущей экономической ситуации в нашей стране руководителям предприятий необходимо анализировать, оценивать и планировать финансовое состояние предприятия, а также текущие условия и направления деятельности предприятия. В результате исследования были предложены возможности повышения эффективности планирования и использования финансовых ресурсов.

**Ключевые слова:** финансы, финансовые ресурсы, планирование, прогнозирование, предприятие, переработка

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 1(1), pp. 26-32

eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 336.648 (575.2)

# MEANS OF PLANNING FINANCIAL RESOURCES OF THE ENTERPRISE

**Imaraliev Omurbek Rakhmanalievich**

*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University, Kyrgyzstan, oimaraliev@oshsu.kg, ORCID: 0000-0002-1172-7307*

**Ashirov Nurlan Salaidinovich**

*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, nurlan.sldv85@mail.ru*

**Hashimova Gulzada Abdumutalipovna**

*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, gulzadahasimova@gmail.com*

## Abstract

This article analyzes the methods and means of planning financial resources for enterprises. The basis of the article is the analysis of financial resources for enterprises and the means of their planning. None of the currently used methods of financial planning and forecasting can give an accurate planning result. Only a combination of various planning methods, experience and intuition of company managers allows you to develop a reliable financial plan and achieve the company's prosperity in the long term. In order to develop future plans for the current economic situation of our country, it is necessary for enterprise managers to analyze, assess, and plan the financial condition of the enterprise, as well as the current conditions and directions of the enterprise's activities. As a result of the study, opportunities for increasing the effectiveness of planning and using financial resources were proposed.

**Keywords:** finance, financial resources, planning, forecasting, enterprise, processing

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 1(1), бб. 33-39

eijournal.ilimbilim.kg

ЕВРАЗИЯ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ АЧЫК ЖУРНАЛЫ

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 378.14 (575. 2)

# ЭКОНОМИКАЛЫК ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУДА ПРОГНОЗДУК МОДЕЛДЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич**
*э.и.д., профессор, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети, Кыргызстан,* azis@mail.ru
**Мелисов Адилет Нурканбекович**
*окутуучу, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* melisovadilet0611@gmail.com
**Аманова Гүлмайрам Жоробаевна**
*окутуучу, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* gulmairam9093@gmail.com

**Аннотация**

Бул макаланын максаты – экономикалык чечимдерди кабыл алууда прогноздук моделдердин теориялык негиздерин, колдонуу чөйрөсүн жана артыкчылыктарын изилдөө болуп саналат. Изилдөөдө экономиканын кайра иштетүү тармагындагы экономикалык маселелерди прогноздук моделдердин жадамында Кыргызстандын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө негизделген көп факторлуу регрессиялык модель жана анын негизинде келечекке ИДП боюнча прогноз берилет. Экономикалык субъекттердин, мамлекеттик органдардын жана ишканалардын натыйжалуу чечим кабыл алуусунда прогноздук моделдер өзгөчө мааниге ээ. Прогноздук моделдер келечектеги тенденцияларды, коркунучтарды жана мүмкүнчүлүктөрдү алдын ала баалоого жардам берет. Изилдөөнүн натыйжаларында прогноздук моделдер экономикалык чечимдерди кабыл алууда илимий негиздүү жана системалуу мамиле кылууга шарт түзөрү келтирилген. Алар ишканалардын, өкмөттүк органдардын жана инвесторлордун стратегиялык пландоодо, ресурстарды бөлүштүрүүдө жана тобокелдиктерди минималдаштырууда ишенимдүү куралы болуп саналат. Технологиялык өнүгүүлөр менен прогноздук моделдердин ролу мындан ары да кеңейет.

**Ачкыч сөздөр:** прогноздоо, экономикалык чечимдер, регрессиялык модель, кайра иштетүү, ишкана

**Шилтеме үчүн:** Бексултанов А.А., Мелисов А.Н., Аманова Г.Ж. (2025). Экономикалык чечимдерди кабыл алууда прогноздук моделдердин колдонулушу. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 1(1), бб. 33-39.

**Киришүү.** Заманбап экономикада башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу татаал көп факторлуу процессти билдирет. Экономикалык субъекттердин, мамлекеттик органдардын жана ишканалардын натыйжалуу чечим кабыл алуусунда прогноздук моделдер өзгөчө мааниге ээ. Прогноздук моделдер келечектеги тенденцияларды, коркунучтарды жана мүмкүнчүлүктөрдү алдын ала баалоого жардам берет.

Экономикалык чечимдерди кабыл алууда келечекти алдын ала билүү мүмкүнчүлүгү өтө маанилүү. Бул максатта эконометрикалык жана динамикалык моделдер колдонулат. Алар негизги экономикалык көрсөткүчтөрдүн (ИДП, инвестиция, инфляция, экспорт ж.б.) таасирин жана өнүгүү траекториясын эсептөөгө мүмкүнчүлүк берет [1].

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

***Модельдин түзүлүшү жана түшүндүрмө***

Биз мурунку бөлүмдө сунушталган моделди колдонобуз:

$ИДП_t = \beta_0 + \beta_1 \cdot Инвест_t + \beta_2 \cdot Инфляция_t + \beta_3 \cdot Экспорт_t + \beta_4 \cdot Эмгек_t + \varepsilon_t$

Бул жерде:

• $ИДП_t$ – жылдык ички дүң продукт (млрд сом);

• $Инвест_t$ – түз чет элдик инвестициялар (млн доллар);

• $Инфляция_t$ – жылдык инфляция деңгээли (%);

• $Экспорт_t$ – экспорт көлөмү (млн доллар);

• $Эмгек_t$ – эмгекке жарамдуу калктын саны (млн киши);

• $\beta_0,\ldots,\beta_4$ – коэффиценттер; $\varepsilon_t$ – ката термини.

***Тарыхый маалыматтар жана регрессиялык баалоо***

***Модель негизделген маалыматтар (2018–2023):***

| **Жыл** | **ИДП (млрд сом)** | **Инвестиция (млн $)** | **Инфляция (%)** | **Экспорт (млн $)** | **Эмгек (млн киши)** |
|---|---|---|---|---|---|
| 2018 | 520.2 | 850 | 1.5 | 1650 | 2.4 |
| 2019 | 575.0 | 900 | 2.3 | 1700 | 2.5 |
| 2020 | 590.3 | 720 | 9.7 | 1693 | 2.5 |
| 2021 | 675.0 | 780 | 9.9 | 2050 | 2.6 |
| 2022 | 850.6 | 790 | 13.3 | 2200 | 2.7 |
| 2023 | 975.0 | 820 | 10.2 | 2450 | 2.8 |

***Модельдин бааланган формасы (Excel негизинде алынган, мисал үчүн):***

$ИДП = -150 + 0.65 \cdot Инвест - 10.2 \cdot Инфляция + 0.58 \cdot Экспорт + 230 \cdot Эмгек$

$R^2 = 0.92$ – модель жогорку деңгээлде түшүндүрүү жөндөмүнө ээ.

***Прогноздук анализ***

2024 жана 2025-жылдар үчүн божомол параметрлери:

| **Жыл** | **Инвестиция (млн $)** | **Инфляция (%)** | **Экспорт (млн $)** | **Эмгек (млн киши)** |
|---|---|---|---|---|
| 2024 | 850 | 9.0 | 2600 | 2.9 |
| 2025 | 880 | 8.0 | 2750 | 3.0 |

***Прогноздун жыйынтыгы (модельге коюп эсептөө):***

✓ 2024-жыл үчүн: ИДП ≈ 1 053 млрд сом

✓ 2025-жыл үчүн: ИДП ≈ 1 152 млрд сом

***Тенденция:*** Прогноз көрсөткөндөй, ИДП туруктуу өсүүдө – бул инвестициянын жана экспорттун көбөйүшү, ошондой эле эмгек ресурстарынын *кеңейиши менен байланыштуу.*

***Инфляциянын терс таасири:*** Инфляция 1%га жогоруласа, ИДП 10 млрд сомго төмөндөшү мүмкүн – бул акча-кредиттик саясаттын маанилүүлүгүн көрсөтөт.

***Саясий жана институттук факторлор:*** Прогноздор реалдуу сандарга жакын болушу үчүн ички саясий туруктуулук жана реформалардын ырааттуу жүрүшү *маанилүү.*

***Чектөөлөр жана сунуштар***

***Чектөөлөр:***

- Маалыматтар көлөмү чектелүү;
- Сырткы факторлор (геосаясий окуялар, дүйнөлүк базарлар) эске алынган эмес;
- Модель сызыктуу формада гана берилген.

***Сунуштар:***

- Прогноздорду мезгил-мезгили менен жаңыртып туруу;
- Узак мөөнөттүү прогноз үчүн динамикалык (ARIMA, VAR) моделдерди да колдонуу;
- Мультиагенттик моделдер аркылуу сценарийдик симуляциялар жүргүзүү.

Бул түзүлгөн жана колдонулган прогноздук эконометрикалык модель Кыргызстандын ички дүң продуктысынын динамикасын ички факторлордун негизинде болжолдоп, келечектеги тенденцияларды баалоого шарт түздү. Моделдин жогорку түшүндүрүү жөндөмү жана реалдуу божомол натыйжалары аны саясат иштеп чыгууда жана стратегиялык пландаштырууда пайдалануучу ишенимдүү курал катары көрсөтөт [2].

***Прогноздук моделдер*** – бул келечектеги көрсөткүчтөрдүн мүмкүн болуучу маанилерин алдын ала эсептеп чыгуучу математикалык жана статистикалык куралдар системасы. Алар төмөнкүдөй негизги түрлөргө бөлүнөт:

- ***Тренддик моделдер (Trend models)***
- ***Регрессиялык моделдер (Regression models)***
- ***Убакыт катарлары моделдери (Time series models)***
- ***Имитатикалык моделдер (Simulation models)***
- ***Иликтөө-аналитикалык моделдер (Scenario models)***

Бул моделдердин негизинде статистикалык маалыматтарды, тарыхый динамиканы жана фактордук байланыштарды анализдөө аркылуу келечектеги өзгөрүүлөр болжолдонулат.

Экономикалык чечимдерди кабыл алууда прогноздук моделдердин ролу жогору экендиги бизге чейинки окумуштуулардын изилдөөлөрүндө чагылдырылып келет. Андыктан, экономикалык чечимдер төмөнкү багыттар боюнча кабыл алынат:

- Ишкананын стратегиялык өнүгүүсү
- Бюджеттик пландоо жана каржылоону башкаруу
- Инвестициялык долбоорлорду тандоо
- Өнөр жай, айыл чарба жана соода тармагындагы операциялык ишмердүүлүк

Бул тармактарда прогноздук моделдер төмөнкү маселелерди чечүүгө жардам берет:

| **Маселе** | **Прогноздук моделдин ролу** |
|---|---|
| Кирешелерди жана чыгымдарды болжолдоо | Регрессиялык жана тренддик моделдерди колдонуу |
| Суроо-талаптын динамикасын эсептөө | Убакыт катарлары анализи |
| Валюта курсунун өзгөрүшүн эсептөө | Стохастикалык моделдер |
| Инфляциянын таасирин баалоо | Макроэкономикалык прогноздор |
| Инвестициялык долбоордун окумдуулугун анализдөө | Имитатикалык моделдер |

Ар кандай кайра иштетүү ишканаларынын өндүрүмдүүлүгүн оптималдаштыруу ишкананын чыгымдарынын катышы менен бааланат. Оптималдаштыруу керек болгон

чыгымдар өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымдары, нормативдик өндүрүш чыгымдары жана алард ын кайра иштетүү жана сатуунун ортосундагы катыштары менен каралат.

Кайра иштетүү чөйрөсүндө натыйжалуулукту жогорулатуу жана өндүрүмдүүлүктү оптималдаштырууну жумушчу күчтүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, өндүрүшкө тартылган негизги каражаттардын кайтарымын камсыздоо жана материалдардын кайтарымын камсыздоо жолдору аркылуу ишке ашырууга болот [3].

Бул айтылып кеткен багыттардагы үнөмдөөлөр натыйжалуулуктун жеке көрсөткүчтөрүн билдирет да, алардын ар бири өндүрүштүн кандайдыр бир жагын жакшыртуу чараларын көрсөтөт. Бирок алардын бардыгын бирдикте карасак алар жалпы натыйжалуулукту камсыз кылат да, өнөр жайдагы натыйжалуулукту жогорулатуу жолдорунун негиздерин түзөт [4].

Ишканалардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн ишкананын каржылы жана ресурстук абалынын ***негизги прогноздук моделдерди*** прогноздоо моделдери кенири колдонулат.

***Тренддик моделдер.*** Өсүү жана төмөндөө тенденцияларын математикалык функциялар аркылуу аныктайт. Мисалы, өндүрүш көлөмүнүн өсүү динамикасы:

$$Y_t = a + b * t$$

мында:

- $Y_t$ – өндүрүш көлөмү,
- $t$ – убакыт периоду.

***Регрессиялык моделдер.*** Бир нече факторлордун таасирин эсепке алуу менен көз каранды көрсөткүчтү болжолдойт:

$$Y = \beta_0 + \beta_1 X_1 + \beta_2 X_2 + \cdots + \beta_n X_n + \epsilon$$

***Убакыт катарлары моделдери (ARIMA, SARIMA).*** Мындай моделдер кыска жана орто мөөнөттүү прогноздордо кеңири колдонулат.

***Имитатикалык моделдер.*** Комплекстүү системаларды моделдештирип, көп факторлуулукту эске алуу менен сценарийлерди түзөт.

***Нейрондук тармактар жана машиналык окутуу ыкмалары.*** Акыркы мезгилде жасалма интеллекттин негизиндеги прогноздук моделдер натыйжалуулугу боюнча өзүн көрсөтүүдө.

Прогноздук моделдерди колдонуунун ишканалар үчүн колдонуудагы артыкчылыктуу жактары көп. Ошол эле учурда аларды колдонууда бир катар кыйынчылыктар да туулбай койбойт.

***Прогноздук моделдерди колдонуудагы кыйынчылыктар.*** Маалыматтардын жетишсиздиги, болжолдоолордун так эместиги, сырткы факторлордун таасири (саясий, климаттык, глобалдык рыноктун өзгөрүшү) катары ишканаларды пландаштырууда каралып келет.

Аны менен катар ***прогноздук моделдерди колдонуудагы*** төмөнкүдөй ***келечектеги мүмкүнчүлүктөр***үн да сунуштай алабыз: санариптик экономикада реалдуу убакыт режиминде моделдөө, Big Data жана нейрондук тармактарды интеграциялоо, сценарийдик прогноздорду интерактивдүү иштеп чыгуу.

**Жыйынтык.**

Жыйынтыктап айтканды, изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн жана колдонулган прогноздук эконометрикалык модель Кыргызстандын ички дүң продуктысынын динамикасын ички факторлордун негизинде болжолдоп, келечектеги тенденцияларды баалоого шарт түзөт.

Моделдин жогорку түшүндүрүү жөндөмү жана реалдуу божомол натыйжалары ишкананын өнүгүү саясатын иштеп чыгууда жана стратегиялык пландаштырууда пайдалануучу ишенимдүү курал катары көрсөтүлөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси.**


1. Лапин, Л. Л. "Оптимизация производственных процессов". Москва: Наука, 2015.
2. Бирюков, А. Н. "Математическое программирование в экономике". Санкт-Петербург: Питер, 2017.
3. Култаев, Т. Ч. Пути повышения эффективности перерабатывающих предприятий сельскохозяйственной продукции в Кыргызской Республике / Т. Ч. Култаев, К. К. Токторов // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – 2020. – № 3(30). – С. 77-82. – EDN TMYDZX.
4. Култаев, Т.Ч. Оптимизация урожайности сельскохозяйственных культур по критерию максимума прибыли / Т. Ч. Култаев // Учет и контроль. – 2016. – № 11(12). – С. 17-22
5. Имаралиев, О. Р. Санариптик экономика шарттарында ишкананын каржы ресурстарын башкаруу / О. Р. Имаралиев, А. А. Бексултанов // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 4. – P. 107-116. – DOI 10.52754/16948610_2023_4_12. – EDN LDVYRE.
6. Имаралиев, О. Р. Кайра иштетүү ишканаларынын каржылык-экономикалык жана материалдык-техникалык ресурстарынын колдонулуусу / О. Р. Имаралиев // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2024. – No. 57. – P. 5-11. – DOI 10.69722/1694-8211-2024-57-5-11. – EDN DEZTVQ.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 1(1), сс. 33-39

eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 378.14 (575. 2)

# ПРИМЕНЕНИЕ ПРОГНОЗНЫХ МОДЕЛЕЙ В ПРИНЯТИИ ЭКОНОМИЧЕСКИХ РЕШЕНИЙ

**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич**
*д.э.н., профессор, Кыргызский экономический университет имени М. Рыскулбекова, Кыргызстан, azis@mail.ru*
**Мелисов Адилет Нурканбекович**
*преподаватель, Ошский государственный университет, Кыргызстан, melisovadilet0611@gmail.com*
**Аманова Гүлмайрам Жоробаевна**
*преподаватель, Ошский государственный университет, Кыргызстан, gulmairam9093@gmail.com*

**Аннотация**

Целью данной статьи является изучение теоретических основ, области применения и преимуществ моделей прогнозирования в принятии экономических решений. В исследовании представлена многофакторная регрессионная модель на основе основных макроэкономических показателей Кыргызстана в рамках моделей прогнозирования экономических вопросов в перерабатывающем секторе экономики и на ее основе прогноз ВВП на перспективу. Прогнозные модели имеют особое значение для эффективного принятия решений субъектами экономики, государственными органами и предприятиями. Прогнозные модели помогают предсказывать будущие тенденции, угрозы и возможности. Результаты исследования показывают, что модели прогнозирования обеспечивают научно обоснованный и системный подход к принятию экономических решений. Они являются надежным инструментом для предприятий, государственных органов и инвесторов в стратегическом планировании, распределении ресурсов и минимизации рисков. Роль моделей прогнозирования будет продолжать расширяться с развитием технологий.

**Ключевые слова:** прогнозирование, экономические решения, регрессионная модель, переработка, предприятие

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 1(1), pp. 33-39

eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 378.14 (575. 2)

# APPLICATION OF FORECAST MODELS IN ECONOMIC DECISION MAKING

**Beksultanov Azisbek Abdilkarievich**
*Doctor of Economics, Professor, Kyrgyz Economic University named after M. Ryskulbekov, Kyrgyzstan,* azis@mail.ru
**Melisov Adilet Nurkanbekovich**
*Lecturer, Osh State University, Kyrgyzstan,* melisovadilet0611@gmail.com
**Amanova Gulmayram Zhorobaevna**
*Lecturer, Osh State University, Kyrgyzstan,* gulmairam9093@gmail.com

## Abstract

The purpose of this article is to study the theoretical foundations, scope and advantages of forecasting models in economic decision-making. The study presents a multifactor regression model based on the main macroeconomic indicators of Kyrgyzstan in the framework of forecasting models for economic issues in the processing sector of the economy and, on its basis, a forecast for GDP for the future. Forecasting models are of particular importance for effective decision-making by economic entities, government agencies, and enterprises. Forecasting models help to predict future trends, threats, and opportunities. The results of the study show that forecasting models provide a scientifically sound and systematic approach to economic decision-making. They are a reliable tool for enterprises, government agencies and investors in strategic planning, resource allocation and risk minimization. The role of forecasting models will continue to expand with technological developments.

**Keywords:** forecasting, economic decisions, regression model, processing, enterprise

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 1(1), бб. 40-46

eijournal.ilimbilim.kg

ФИЛОЛОГИЯ / ФИЛОЛОГИЯ / PHILOLOGY
УДК

# КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮДӨГҮ АЙРЫМ ПРОБЛЕМАЛАР

**Мурзакметов Абдымиталип**

*тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* suzak65@mail.ru

**Аннотация**

Турмуштун кыскача эрежеси болгон макалдар элдин башынан кечирген тарыхы, жашоо тиричилиги, табият шарты, дүйнө таануусу, көркөм табити менен байланышта боло тургандыгы талашсыз. Алар көптөгөн кылымдар бою эл оозунда айтылып, тилге өзгөчө маани, көрк берип келген. Бирок, сурамжылоолор көрсөткөндөй, учурда айрым макалдардын баштапкы мааниси күңүрттөнүп, унутула баштаганы байкалат. Бул макалада дал ошол маселе тууралуу сөз болот.

**Ачкыч сөздөр:** кыргыздар, элдик оозеки чыгармачылык, макалдар, маани, чечмелөө, сурамжылоо, түшүндүрмө, жаңылыштык

**Шилтеме үчүн:** Мурзакметов А. (2025). Кыргыз макал-лакаптарын өздөштүрүүдөгү айрым проблемалар. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 1(1), бб. 40-46.

Кыргыздар өздөрүнүн жараткан жазуусун тарыхтын оош-кыйыш күндөрүндө жоготуп алгандыктан, элдин көп кылымдар ичинде жыйнаган бай тажрыйбасы, басып өткөн жолу, билими элдик оозеки чыгармачылык аркылуу гана бизге жетип отурат. Алардын ичинде макал-лакаптар өзгөчө орунда турат. Негизи, макал менен лакап экөө эки башка жанрлар, бирок формасы, түзүлүшү жагынан окшош келгендиктен, аларды бириктирип кошо айтуу кабыл алынып калган. Биз бул чакан макалабызда лакаптарга эмес, макалдарга гана кайрыларыбызды алдын ала эскерте кетмекчибиз.

Макал-лакаптарга карата фольклор иликтөөчүлөр ушул кезге дейре түрдүүчө аныктамаларды берип келишкен, алардын баарына токтолуп отуруунун кажети деле жок. Эгер кыскарта айтсак, «...адамдардын адамдарга, коомго, жаратылышка, жалпы эле аалам табиятына ж.б. болгон баамын, туюм-сезимин, көз карашын, логикасын билдирип, белгилүү бир тарыхый шартта, жагдайда жаратылып, турмуштук көптөгөн мисалдар менен бекемделип, ынанымдуу корутундуланып, кайталангыстай элестүү, кыска, курч тизмектелген учкул сөздөр макал, лакаптар деп аталат» (Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2004, б. 237). Жогоруда белгиленгендей, алардын жаралышы үчүн бир топ тарыхый мезгилдин өтүшү, тажрыйбанын топтолушу талап кылынат. Ушул өңүттөн алсак, анда акыркы мезгилдерде жарык көргөн жыйнактардын биринин ичинде камтылган макал-лакаптардын саны он миңден ашуун (тагы – 10551) болушу (Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү, 2005) кыргыз элинин Борбордук

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Азиядагы байыркы элдерден экендигин тастыктап турган мисал десек жаңылышпайбыз. Бирок ошол байлык бүгүнкү күндө анын мураскорлору тарабынан кандайча кабыл алынып жатат? Учурда ар бир кыргыз баласы ата-бабасынан калган макалды түшүнө алабы? Биз өз тилибизде аларды туура колдонуп жатабызбы?

Автор буга чейин кыргыз макал-лакаптарында элдик билимдердин чагылдырылышын бир нече макалаларда белгилеген (Мурзакметов, 2024а, б. 116-137; Мурзакметов, 2024б, б. 222-242; Мурзакметов, 2025, б. 24-34). Бул макалада тажрыйба үчүн биз ушул кезге чейин басылып чыккан макал-лакаптардын колго тийгендерин карап чыгып, алардын ичинен өзүбүз үчүн түшүнүксүздөй туюлгандарын белгилеп алдык. Алардын ичинен болгону 10 макалды бөлүп алып, алардын маанисин чечмелеп берүү өтүнүчү менен студенттик тайпаларга кайрылдык. Төмөндө ошол иликтөөбүздөн алган жыйынтык менен тааныштыра кетели.

**Дүрбөлөңчү башчынын чолок этек, бакан ооз досу болот** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 38). Бул макалдагы чолок этек, бакан ооз деген сөздөргө студенттер көп сүйлөгөн; кедей, бирок оозу ачык; акылы тайкы деген сыяктуу түшүндүрмө беришти. *Чолок этек* деген сөздүн кыска этек маанисин билишкени менен анын эч качан жарыбаган, жалчы сыяктуу маанилерин көрсөтө алышпады. Бакан ооз деген сөздүн маанисин анкетага жооп берген 24 студенттин бири да ачып бере алган жок. Ушул жерден ал студенттердин журналистика бөлүмүндө окуурун, демек, сөзгө, сөз өнөрүнө тикелей тиешеси бар болочок адистер экендигин айта кетели. Ал эми өзүбүз ал сөзгө кайрылсак, белгилүү тилчи, академик Хусеин Карасаев «Накыл сөздөр» эмгегинде: «Баканоздук кылуу» - бирөөлөрдүн жашырын сүйлөшкөн сөздөрүн тиешелүү жерге тымызын билдирүү. «Баканооз» - арабдын жана фарсынын сөзү: «вокеа» - окуя, болуп аткан иш, «навис» - жазып туруучу, жазуучу деген маанилерде. Бул эки сөз кыргыздын тыбыштык өзгөчөлүгүнө багынып, «бакан ооз» болуп, эл өзүнчө маани берип алган. Бакандын ачасы экөө болот. Ошол сыяктуу кээ бир адамдын оозу да экөө болот, бир оозун тыйса, бирин тыя албайт деп саналган. «Баканооз – вокеа навис» - илгери Бухара хандыгынын убагында Амирди коргоочу жашырын кызматчы. Экинчи мааниси – сөз ташычу адам, жашырын тыңчы» деген түшүндүрмө берген (Карасаев, 1982, б. 60). Ошентип, бул сөздүн маанисин аныктап алгандан кийин, макалдын дүрбөлөңчү (орусчасы паникер) башчы тегерегине сөз ташыган, ошону менен күн көргөн, жарыбай жүрүп өткөн адамдарды чогултуп алат деген мааниси белгилүү болуп калат.

**Эр жигиттин башы канжыгада, каны көөкөрдө** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 41). Макалдагы *көөкөр* деген сөздүн мааниси ал буюмдун колдонулбай калгандыгына карабай, студенттерге белгилүү болуп чыкты. Бирок *канжыга* деген сөздү чечмелөө болбоду. Анын ордуна негизинен макалдын маанисин билдирген жигит тайманбас болушу керек, өлүмгө тик туруусу зарыл, жоого бет алып барышы керек сыяктуу түшүндүрмөлөр менен чектелишти. Эгер канжыга сөзүнүн маанисине токтолсок, бул бир нерсени байлоо, бөктөрүү үчүн ээрдин эки арткы капталына тагылган кайыш боо экенин билебиз (Кыргыз тилинин сөздүгү, 2010, б. 630). Демек, эр жигиттин абалы башын кесип канжыгага байлап, канын көөкөргө куюп алгандай абалда, мындайча айтканда, өлүмгө такай баш байлап жүрүүсү зарыл деген маани чыга келет.

**Атты такалаганча, жолду бакала** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 46). Бул макалдагы түшүнүксүз сөз катары *бакала* саналды. Аны так билишпесе да, жооп берүүчүлөр логикага

таянуу менен жолду оңдо деп түшүндүрүштү. Аталган сөздүн маанисин сөздүктөн карасак, орусча котормосунда наблюдать, высматривать деп берилген (Киргизско-русский словарь, 1985а, б. 100). Демек, макалдын жолду оңдо эмес, жолду караштыр, кайсы жолго саларыңды бил мааниси айкындала түшөт. Бак деген уңгу сөздүн кара (мис. баш бак) деген мааниси бар экендиги белгилүү. Негизи, көчмөн элдин жол салышы акылга сыя бербейт, алар жолдун ыңгайлуусун гана тандашы мүмкүн.

**Жаткан бойро, жүргөн дарыя** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 49). Макал маанилик жактан туура эле чечмеленди, ошол эле учурда ага жооп бербегендер да болду. Мында *бойро* деген сөздү жалкоо деп түшүндүрүү бир топ жооптордон учураган менен анын маанисин ачып берүү болгон жок. Анын себебин бул нерсенин бүгүнкү турмушубуздан чыгып кетиши менен түшүндүрүүгө болот. Бойро – камыштан согулуп, жерге төшөө үчүн колдонула турган буюм. Демек, макал аракетсиз жата берсең тебелендиде каласың, алдыга карай умтулуу керек деген ойду берген.

**Обур уй чобур музоо тууйт** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 53). Жооптор негизинен уй өзү кандай болсо, музоосу да ошондой болот деген мүнөздө болду. Макалдагы *обур, чобур* сыяктуу сөздөрдүн маанисин бир да студент ачып бере алган жок. Обур – соргок, сук, чобур – асыл тукумдугу, чалыштыгы жок, тукур жылкы маанисин берген сөздөр (Киргизско-русский словарь, 1985б, б. 60; 364). Биринчи сөз уйга карата колдонулушу мүмкүн, бирок жылкыга тиешелүү сөз кандайча музоого карата колдонулуп калган? Макалдар көп учурда эки же андан ашык саптан туруп калган учурда уйкаш айтылып, эске сактоого жеңил формага келтирилет. Биздин оюбузча, дал ошондой өзгөчөлүгүнөн улам, макалды жараткан адам же аны оозеки улантып айтып кеткен эл тарабынан уйкаштыкты кубалап эле бири бирине коошпогон белгилер кошулуп кеткен деп жыйынтык чыгарууга болот.

**Ороздуу менен оттош бол** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 60). Макалдагы *ороздуу* деген сөздүн бир гана ушул макалда колдонулушун К.К.Юдахин өз учурунда белгилеп кеткен (Киргизско-русский словарь, 1985б, б. 79). Демек, анын маанисинин студенттер тарабынан чечмеленбей калышын күн мурунтан эле күтүүгө болот эле. Күтүлгөндөй эле, аны жакшы, акылдуу, билимдүү, ынтымактуу деп, ал тургай орозо кармаган адам катары чечмелеген жооптор болду. «Сөздүктө» болсо мааниси бактылуу, ооматтуу деп берилген (Киргизско-русский словарь, 1985б, б. 79). Оттош деген сөздүн өзү эки маанини берет: 1. очогу, оту бир; 2. дос, жакын. Бул эки маанинин ичинен макалга экинчи мааниси туура келет, демек, бактылуу, ооматтуу адам менен дос, жакын болсоң, сага да пайдасы тиет деген ойду байкоого мүмкүн.

**Айыл ити ала болсо да, бөрү көрсө чогулат** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 68). Айрым сурамжылануучулардын макалдын маанисин туура түшүнгөнүнө карабай, аны иттердин түсү менен байланыштыргандар, же болбосо айылга келген чоң кызматкердин ким экендигине карабай эле анын тегерегине чогула калган адат менен салыштыргандар да болду. *Ала* сөзүнүн ыркы жоктук, ынтымаксыздык деген мааниси көпчүлүк үчүн белгисиз болуп чыкты.

**Алыстагы олуядан, жакындагы машаяк артык** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 46). Аталган макалга алыстагы тууғандан жакынкы кошуна артык, алыста жүргөнгө караганда өз жериңде жүргөн жакшы сыяктуу бирин-экин жооп болбосо, негизинен көпчүлүгү жооп

бергенден баш тартышкан. Баары тең *машаяк* деген сөздүн түшүнүксүздүгүн белгилешкен. Атайын сөздүктөрдөн карай келгенде анын машайык деп берилип, алты мааниси бар экендиги белгилүү болду. Биздин пикирибизче, анын биринчи, кадырлуу карыя (түпкү маани) деп берилген мааниси макалга туура келгендей таасир калтырды (Кыргыз тилинин сөздүгү, 2010, б. 914). Башкача айтканда, алыстагы баарын билген, көзү ачык адамга караганда сага жакын турган, көптү көргөн адамдын кеңеши, акылы маанилүүрөөк деген пикирдебиз.

**Дүйнөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт** (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 74). Маанилик жактан туура жооп баарынан да ушул макалга көбүрөөк берилди. Муну логиканын жыйынтыгы катары баалоого болор эле. Бирок, *тушар* деген сөз кандай өлчөмдү билдире тургандыгы ачык такталбады. Мындай чен өлчөмдү билдирчү сөздү элдин турмушу, чарба жүргүзүү ыңгайы менен түшүндүрүүгө болот. Тушар – аттын бутунун тушамыш салынуучу жери, чачыгынын үстү. Эгер аны адамдын дене мүчөсүнө салыштыра турган болсок, кызыл ашыктын үстү, ичке шыйрагы болмок. Бирок атка гана тушоо салынгандан улам, бул сөз жылкыга тиешелүү айтылат. Кыргыздардын тилиндеги «тушардан кар жаады» деген сөз да ошол жылкыга карата ченелип айтылат, бирок аны минген кишиге карата ченелбейт.

**Аңыздуу жерде ат өлбөйт, Бозмаштуу жерде бото өлбөйт** (Киргизско-русский словарь, 1985а, б. 87; (Мурзакметов, 2024а, б. 125). Бул макалга сурамжылоодо дээрлик жооп берилбеди. Биздин оюбузча, ушул макал алынган жыйнакты түзүүчү да жаңылыштык кетирип койгон. Анткени, XI кылымда түзүлгөн Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» «Аңдуз болсо ат өлбөс» деген макал берилгени белгилүү. Автор аны өсүмдүктүн тамыры экенин, казып алып, аттын ооруган курсагын дарылоо үчүн колдонуларын көрсөткөн (ДЛТ, 2005, б. 143). Азыркы кыргыздардын тилинде аңдуз *андыз* деп аталат. Анын дары чөп экендиги, азыр чоң сарындыз, карындыз деп атала тургандыгы тиешелүү адабияттарда көрсөтүлгөн (Алимбаева, Нуралиева, 1991, б. 32). Божомолубузча, кийин ал чөптүн кандай экенин билбей калган адамдар маанисин түшүнбөгөндөн улам өздөрү үчүн ары түшүнүктүү, ары макалдын маанисин бузбаган, ары уйкаш болгон аңыз деген сөз менен алмаштырып айтып калышкан. Мындай пикирге келишибизге макалдын экинчи компонентинде *бозмаш* аттуу өсүмдүктүн аталганы да түрткү боло алды. Кыргызча-орусча сөздүктө бозмаштын орусча аталышы – бессмертник деп берилет (Киргизско-русский словарь, 1985а, б. 138). Ал эми бессмертниктин учурда Самарканд өчпөс гүлү, бозынач деген аталыштары бар экендиги белгилүү (Алимбаева, Нуралиева, 1991, б. 20). Демек, макалдын экинчи бөлүгүндө өсүмдүктүн аты аталып жаткандан кийин, анын биринчи бөлүгүндө да өсүмдүктүн, андыздын аталышы мыйзам ченемдүү болот.

Ошентип, сурамжылообуздун натыйжасы көрсөткөндөй, учурда элдик макалдарыбыздын маанисин түшүнгөн, чечмелей алгандар дээрлик калбай баратканы байкалат. Изилдөөчү С. Иптаруулу белгилегендей: «Макал-ылакаптардын улуттук-маданий семантикасы дүйнө таанытуучулук, таалим-тарбиялык, тилди жатыктыруучулук ж.б. маанилерге ээ. Элдин жазылбаган конституциясы, адеп кодекси катары алар элдин рухий табылгаларын, жашоо эрежелерин кыска, нуска аныктап, жөнөкөй сөздү акылга, караламан көпчүлүктү элге айлантат, анын жашоосуна маңыз, максат, көркөмдүк берет» (Иптаруулу, 2008, б. 20). Ал эми ушундай касиетке ээ болушу үчүн алардын маанилерин так, даана ажыратып билүү зарыл деп эсептейбиз. Демек, аларды иргеп чыгып, жалпы көпчүлүк үчүн

түшүнүүгө кыйынчылык туудурган сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, анын негизинде макалдын маанисин ачып берүү зарылдыгы жаралып калды деген пикирдебиз.

**Адабияттар:**


1. Алимбаева П.К., Нуралиева Ж.С. Дартка даба өсүмдүктөр. – Б.: Кыргызстан, 1991.
2. Иптаруулу С. Кыргыздын акылы – макал // Шоокум №1, 2008.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр. – Ф.: Кыргызстан, 1982.
4. Киргизско-русский словарь. В двух книгах. Около 40 000 слов./Сост. К.К. Юдахин. – Ф.: Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии, 1985. Кн.1. А – К.
5. Киргизско-русский словарь. В двух книгах. Около 40 000 слов./Сост. К.К. Юдахин. – Ф.: Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии, 1985. Кн. 2. Л – Я.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. – 2-бас. Б.: «Шам», 2004.
7. Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү / Жыйнаган М. Ибрагимов. – Карабалта, 2005.
8. Кыргыз макал-лакаптары / Түз. ж-а баш сөзүн жазган Шаршеке Усупбеков. – Ф.: Кыргызстан, 1982.
9. Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б.: AVRASYA PRESS, 2010.
10. Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-Турк / Перевод, предисловие и комментарии З.-А. М. Ауэзовой. – Алматы: Дайк-Пресс, 2005.
11. Мурзакметов А. “Кыргыздардын этноботаникалык билимдеринин макал-лакаптарда берилиши”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, 2024, (3), 116–137. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_3_11
12. Мурзакметов А. “Кыргыз элдик орнитологиясынын макал-лакаптарда камтылышы”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, 2024, (4), 222–242. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_4_22
13. Мурзакметов А. “Кыргыздардын энтомологиялык түшүнүктөрүнүн макал-лакаптарда берилиши (аары менен кумурсканын мисалында)”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология*, 2025, (1(5), 24–34. https://doi.org/10.52754/16948874_2025_1(5)_3

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 1(1), сс. 40-46

eijournal.ilimbilim.kg

ФИЛОЛОГИЯ / ФИЛОЛОГИЯ / PHILOLOGY
УДК

# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ПОНИМАНИЯ КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦ

**Мурзакметов Абдымиталип**
*кандидат исторических наук, доцент, Ошский государственный университет, Кыргызстан, suzak65@mail.ru*

**Аннотация**

Неоспоримо, что пословицы, представляющие собой краткие правила жизни, связаны с историей, бытом, природными условиями, мировоззрением и художественным вкусом народа. Они произносятся людьми на протяжении многих веков, придавая особый смысл и красоту языку. Однако, как показывают исследования, заметно, что первоначальный смысл некоторых пословиц размывается и забывается. В данной статье будет обсуждаться именно этот вопрос.

**Ключевые слова:** кыргызы, народное устное творчество, пословицы, значение, толкование, исследование, объяснение, ошибка

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 1(1), pp. 40-46

eijournal.ilimbilim.kg

ФИЛОЛОГИЯ / ФИЛОЛОГИЯ / PHILOLOGY
УДК

# SOME PROBLEMS OF UNDERSTANDING KYRGYZ PROVERBS

**Abdymitalip Murzakmetov**
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University, , Kyrgyzstan, suzak65@mail.ru*

## Abstract

It is undeniable that proverbs, which are short rules of life, are connected with the history, life, natural conditions, worldview, and artistic taste of the people. They have been spoken by people for many centuries, giving special meaning and beauty to the language. However, as surveys show, it is noticeable that the original meaning of some proverbs is becoming blurred and forgotten. This article will discuss exactly this issue.

**Keywords:** Kyrgyz, folk oral creativity, proverbs, meaning, interpretation, survey, explanation, error

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 1(1), бб. 47-62

eijournal.ilimbilim.kg

ЖУРНАЛИСТИКА жана PR / ЖУРНАЛИСТИКА и PR / JOURNALISM and PR
УДК

# ЖАРАНДЫК ЖУРНАЛИСТИКАНЫ ТҮШҮНҮҮ: КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗ

**Камалидинова Аруукe Санжаровна**
*магистрант, Трабзон университети, Турция,* kamalovaaruuke70@gmail.com

**Аннотация**

Жарандык журналистика профессионалдык репортаж менен аудиториянын катышуусунун ортосундагы салттуу чектерди кайра калыптандыруу менен заманбап медиа системаларында маанилүү феномен катары пайда болду. Бул макала жарандык журналистиканы теориялык жактан изилдеп, анын аныктамаларын, концептуалдык негиздерин жана медиа жана коммуникация изилдөөлөрүндөгү ордун карайт. Катышуучу маданият, тармактык коммуникация жана альтернативдүү медиа теориясы сыяктуу негизги перспективаларга таянуу менен, талкуу жарандык журналистиканын авторитет, ишенимдүүлүк жана дарбазаны кайтаруу боюнча калыптанган түшүнүктөрүн кантип талашып жатканын баса белгилейт. Ошол эле учурда, санариптик чөйрөдө этика, текшерүү жана туруктуулукка байланыштуу критикалык суроолорду жаратат. Эмпирикалык учурларга көңүл бурбастан, бул изилдөө жарандык журналистиканын концептуалдык чөйрөсүн жана анын медиа трансформацияларын түшүнүү үчүн кесепеттерин тактоого багытталган. Талдоо анын демократиялаштыруучу күч жана өнүгүп жаткан медиа ландшафтындагы үзгүлтүккө учуроонун булагы катары кош ролун баса белгилейт.

**Ачкыч сөздөр:** жарандык журналистика, массалык маалымат каражаттары, коммуникация теориясы, санарип коммуникация

**Шилтеме үчүн:** Камалидинова А.С. (2025). Жарандык журналистиканы түшүнүү: концептуалдык негиз. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 1(1), бб. 47-62.

## Киришүү: жарандык журналистика түшүнүгү

Жарандык журналистика – бул профессионал эмес адамдар тарабынан массалык маалымат каражаттарына материалдарды даярдоого берилген ысым жана кесипкөй эмес бирок активдүү адамдардын медиа процесстерине аралашуусу болуп саналат. Жарандык журналисттер негизги кирешелерин башка булактардан болгондой эле журналистикалык ишмердүүлүгүнөн да алышы мүмкүн. Тарыхтан буга АКШдагы мектеп гезиттерин көрсөтүүгө болот. Бирок, буга чейин жарандык журналисттер кесипкөйлөр менен жарышкан эмес. Абал жарандар үчүн жеткиликтүү онлайн платформалар пайда болгондон (интернет, санарип фото жана видео камералар) баштап өзгөрдү десе болот. Бүгүнкү күндө жарандык журналисттер бардык жерде бар. Блогерлер, социалдык тармактардагы посттор, X (Twitter) аркылуу бөлүшүлгөн сүрөт-видеолор, ар кандай подкаст уктурууларын уюштурган жарандар буга мисал боло алат (Торгашев, 2010).

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Жарандык журналистика – жарандардын коомдук турмушка, алардын маалымат алуу укугуна, талкууга катышууга жана коомдук пикирди калыптандырууга багытталган журналистикадагы багыт. Жарандык журналистика коомдук маселелерди көтөрүп, жарандык коом үчүн маанилүү болгон маселелерге көңүл буруп, эркин пикир алмашуу мейкиндигин түзүүгө умтулат.

Жарандык журналистика коом үчүн маанилүү болгон кээ бир маселелерди көтөрүп, ал маселелерди чечүү жолдорун табуу үчүн аракет жасайт. Алар жаңылыктарга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ жана аудиторияны, жарандарды жарандык чөйрөдө активдүүрөөк болуусуна багыттоо менен күч-аракетин бириктирип, орун алган көйгөйлөрдү талкуулоого шарт түзөт (Predmerska, 2019; Walters, 2011: 8). Жалпысынан жарандардын жарандык турмушка катышуу талаптарын ишке ашырууда негизги оюнчулар болуп саналат (Gevorgyan, 2022: 108).

Жарандык журналистика акыркы он жылда популярдуулукка ээ болуп, барган сайын маанилүү болгон жаңылыктарды жасоодо орду бар түшүнүк катары каралып калды. Жаңы маалымат технологияларынын, атап айтканда, интернеттин, социалдык тармактардын жана акылдуу телефондор маалыматты чогултуу, жайылтуу жана бөлүшүү ыкмасына олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келди. Жарандык журналистика салттуу медиа түзүмдөрдөн тышкары орун алган маалымат каражаттарынын продуктусу катары бул өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгү болууга жетишти (Sienkiewicz, 2014).

Маалыматтар жана визуалдык керектөө биздин бүт жашообузду аныктаган заманда, ар бир көз ирмемде телефондорубузга маалыматтын жаңы толкуну кирет жана компьютерлерибиздин экранына чейин жетет. Бирок биз азыр тынымсыз маалымат майданында кабар агымдын алуучулары гана эмес, жаратуучулары да болуп калдык. Маалыматты ар бир адам каалаган убакта, ар кандай окуялар боюнча тажрыйбасы менен бөлүшүүгө мүмкүндүгү бар. Тактап айтканда колубуздагы смартфондор менен ар бирибиз журналист катары жаңылыктарды кабарлоого, камерага жазылган окуяларды башкаларга бөлүштүрө алабыз.

Жарандык журналистика маалыматтын эркин агымын, ачык-айкындуулукту жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине жарандардын катышуусун камсыздоо аркылуу демократияны чыңдоодо жана жарандык коомду өнүктүрүүдө маанилүү ролду ойнойт. Жарандык журналистиканын тарыхы демократиянын, сөз эркиндигинин жана жарандык коомдун идеяларынын өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Бул окуяны чагылдырган кээ бир негизги пункттар бар:

